УДК: 37.032: 787

*Максатбекова У. М., аспирант, КР УИАнын Ч. Айтматов ат. Тил жана адабият инст.*
*Эркинбаев М. А., К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

## ТҮРК ТИЛДҮҮ ЭЛДЕРДИН ҮЙЛӨНҮҮ ҮЛПӨТҮНДӨГҮ ОКШОШ КААДА-САЛТТАР

*Бир гана элди билген адам башка эч бир элди тааный албайт. Ошондуктан өзүбүздүн күнүмдүк жашообузда башка улуттагы элдердин каада- салттарын таанып билүү жана аларды сыйлоо – азыркы учурдун талабы. Кошуна элдер менен бирге ынтымакта жашоо элибиздин өнүгүшүнө салым гана кошот. Кыргыз эли түркий тилде сүйлөгөн элдердин бири болгондуктан, тегерегибиздеги казак, өзбек элдери менен тарыхый, маданий жана диний жактан жалпылыкка ээ. Ошол себептен алардын үйлөнүү үлпөтүндөгү каада-салттарды изилдөө ал элдерди жакындан таанып билүүгө өбөлгө түзөт.*

*Үйлөнүү үлпөт аземи жана андагы каада-салттар кайсы элдер гана болбосун, үй-бүлө курууну жарыялай турган иш-чара катары каралат. Бул макалада түрк тилдүү элдердин үйлөнүү үлпөтүндөгү окшош каада-салттары каралган. Кыргыз эли менен казак, өзбек элдеринин үйлөнүү каада-салттарынын формасы жана маанисинин окшоштуктарына талдоо жасалган.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *эл, тил, түрк, кыргыз, казак, өзбек, үйлөнүү, үлпөт, каада, салт, нике, үй-бүлө, ислам, дин, эркек, аял, кыз, жигит, кудалашуу, куда, кудагый, күйөө, колукту, коом, үрп адат.*

*Максатбекова У. М., аспирант, НАН КР ИЯ им. Ч. Айтматова*
*Эркинбаев М. А., ИГУ им. К.Тыныстанова*

## ТОЖДЕСТВЕННЫЕ СВАДЕБНЫЕ ОБЫЧАИ У ТЮРКОЯЗЫЧНЫХ НАРОДОВ

*Человек, который знает только одну нацию, не может познать другую нацию. Поэтому знание и уважение традиций других народов в нашей повседневной жизни - это требование современности. Жить в согласии с соседними народами только способствует развитию нашего народа. Кыргызский народ, будучи одним из тюркоязычных народов, имеет много общего с окружающим нас казахским, узбекским и другими народами в историческом, культурном и религиозном планах. По этой причине изучение традиций и обрядов на их свадьбах способствует более глубокому знакомству с этими народами. Церемония бракосочетания и связанные с ним обычаи у всех народов рассматриваются как событие зарождения новой семьи у этого народа. В этой статье рассматриваются аналогичные обычаи на свадьбах у тюркоязычных народов. Проведен анализ сходства формы и значения свадебных обрядов кыргызского народа с казахским и узбекским народами.*

***Ключевые слова:*** *народ, язык, тюрк, кыргыз, казак, узбек, свадьба, праздник, ритуал, обычай, брак, семья, ислам, религия, мужчина, женщина, девочка, парень, помолвка, сват, сватья, жених, невеста, общество, обряд.*

*Maksatbekova U., Post-Graduate Student, National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, Ch. Aitmatov Institute of Language and Literature, Bishkek, Kyrgyzstan*
*Erkinbaev M., senior lecturer of K. Tynystanov Issyk-Kyl State University,*

## SIMILAR WEDDING CUSTOMS OF THE TURKIC-SPEAKING PEOPLES

*Anyone who knows the people cannot recognize any other people. Therefore, it is the current requirement of knowledge and respecting the craning traditions of the nations of our daily lives. At harmony with neighboring nations, life with neighboring nations will add to the development of our*

*people. As one of the Turkic peoples of Turkic-speaking peoples, the Kyrgyz people have historical, cultural and religious communication with ourtories we have surrounded by Kazakh and Uzbek peoples. For this reason, the study of traditions and rites at their weddings contributes to a deeper acquaintance with these peoples. The wedding ceremony and customs are considered as a measure of which nations will announce any marriage. The article has analyzed similiraty of the shapes and the meanings of wedding ceremonies of the Kazakh and Uzbek peoples with the Kyrgyz people and the identity of similar importance.*

***Key words:*** *people, language, Turkish, Kyrgyz, Kazakh, Uzbek, wedding, feast, ritual, tradition, marriage, family, Islam, religion, man, woman, girl, boyfriend, betrothal, bridegroom, goddess, husband, bride, society, custom.*

Түрк тилдүү элдер – этногенетикалык жана этномаданий жактан тектеш элдер. «Түрк тилдүү элдер» деген термин илимге XIX к. батыш илимпоздору тарабынан киргизилген. Тилдер генеалогиялык жиктешүүсүндө батыш хунну жана чыгыш хунну деп шарттуу аталган эки ири топко ажырайт. Батыш хунну тобуна кыпчак тилдүү (казак, башкыр, каракалпак, ногой, кумук, татар, өзбек-катагандар, өзбек-лакайлар, өзбек-дүркмөндөр, өзбек-барластар, крым татарлары, балкарлар, карачайлар ж.б.), огуз тилдүү (түрк, азербайжан, гагауз, түркмөн, салор, крым татарларынын түштүк диалектиси, шахсевендер, кажарлар, кызылбаштар, юруктар, ж.б.), уйгур тилдүү (уйгурлар, өзбектердин отуруктaшкан бөлүгү), чыгыш хунну тобуна кыргыз-кыпчак тайпасы (кыргыздар, түштүк алтайлыктар), уйгур-тукюй тобу (хакастар, тувалар, якуттар, долгандар, түндүк алтайлыктар, шорлор ж.б.) киришет. Түрк тилдүү элдер – шарттуу аталыш. Тилдик жактан этногенетикалык жалпылык болгондугу менен, бул элдер сырткы жана ички факторлордун таасиринен улам маданий, антропологиялык, диндик, чарба жүргүзүүдөгү бир топ өзгөчөлүктөргө ээ. Буга түрк тилдүү этностордун жергиликтүү маданияттын жана тилдин элементтерин кабыл алуусу, антропологиялык ж.б. өзгөчөлүктөр да мисал боло алат. Түрк тилдүү элдер ислам дининин суннит (түрк тилдүү элдердин басымдуу бөлүгү), шиит агымдарына (азербайжандар, шахсевендер, кажарлар, кызылбаштар), христиан православдар (чувaштар, гагауздар, якуттар, хакас, алтайлыктардын бир бөлүгү, балкан түрктөрү ж.б), буддисттер (тувалар, тарбагатайлык кыргыздар, саларлардын бир бөлүгү, Монголиянын түрк тилдүү этностору), иудейлер (караимдер, крымчактар), шаманизм (сары уйгурлар, тувалар, алтайлыктар, хакастар, шорлордун бир бөлүгү) диндерине сыйынышат. Демек, түрк тилдүү элдер дүйнөдөгү белгилүү диндер менен байланышта болуу менен, өздөрүнүн үйлөнүү үлпөтүндөгү каада- салттарды карманышат.

Үйлөнүү үлпөт аземи жана андагы каада-салттар кайсы элдер гана болбосун, үй-бүлө курууну жарыялай турган иш-чара катары карашат. Үй-бүлөнү адамзаттын көбөйүшүн, алардын тукум улашын шарттай турган жашоонун бир көрүнүшү катары кабылдасак болот. Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майында кабыл алынган Конституциясынын 20-беренесинде: “Үй-бүлө – коомдун негизи. Үй-бүлө, аталык, энелик, балалык коомдун жана мамлекеттин коргоосунда турат”; ал эми 26-беренесинде: “Үй-бүлө мыйзамда белгиленген нике курагына жеткен эркек менен аялдын ыктыярдуу никеге туруусунун негизинде түзүлөт. Никелешип жаткан эки адамдын макулдугусуз никеге жол берилбейт. Нике мамлекет тарабынан катталат”, - деп жазылып турат. Ислам дининде үй-бүлө куруу бул үй-бүлөдөн бакыт, бейпилдик табуу, элдин керегине жараган, журт кызматын өтөгөн туяк калтыруу, коомдун, дегеле, адамзатынын илгерилеп өсүшүндө мааниси чоң деп эсептейт. Ошондуктан Ыйык Куран китебинде адам баласынын үй-бүлө курууга болгон муктаждыгы жөнүндө аяттардын биринде: «Бейпил өмүр сүрүүңөр үчүн өзүңөрдөн жубай жаратып, ортоңорго сүйүү отун

тутандырышы да – Анын (Алланын) бар экендигине өзүнчө жышаана» **(**30-Рум сүрөсү, 21-аят) – деп буюрулат.

Үй-бүлө жана андагы каада-салттар боюнча изилдөөлөргө көп окумуштуулар, философтор көңүл бурушкан, мисалы, атактуу немис философу Фридрих Энгельс «Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы» деген фундаменталдуу эмгегинде адам баласы пайда болгондон бери үй-бүлөнүн жаралыш тарыхын кенен изилдеп келип, үй-бүлөнүн түрлөрү боюнча мындай деп жазат: «Жуп үй-бүлө жапайычылык менен жапайычылыктын ортосунда, көбүнчө жапайычылыктын эң жогорку деңгээлинде, айрым жерлерде жапайычылыктын эң төмөнкү деңгээлинде гана пайда болгон. Топтук нике жапайычылык үчүн болсо, жуп үй-бүлө – варвардык доор үчүн үй-бүлөнүн мүнөздүү формасы, ал эми моногамия цивилизация үчүн жаралган».

Демек, азыр адамзат цивилизациялык коомдо моногамиялык үй-бүлөдө жашап жатат. Моногамия, бир никелүүлүк – үй-бүлөнүн жана никенин тарыхый формасы, бир эркек менен бир аялдын туруктуу никеси. Эркек менен аялдын никеге туруусу үйлөнүү үлпөт аземи менен коштолот. Үйлөнүү үлпөт аземи – үй-бүлө куруудагы каада-салттардын бири, никени расмийлештирүүчү, жаңы үй-бүлөнү түзүүгө, үй-бүлөнүн жана жубайлардын коомдук статусун таанууга өбөлгө түзүүчү иш-чаралардын бири. Ал эң татаал фольклордук-поэтикалык, ырым-жырым, музыкалык, визуалдык жана башка пландарды айкалыштырат. Көптөгөн элдер үчүн үйлөнүү үлпөтүндө кызды ата-энесинин үйүнөн күйөө баланын үйүнө ошол элдердин салттарын, ырым-жырымдарын сактоо менен узатышат. Түрк тилдүү элдердин үйлөнүү үлпөтүндөгү окшош каада-салттарды талкуулоо үчүн, салыштыруу иретинде кыргыз элинин үйлөнүү үлпөтүндөгү каада-салттарга токтололу. Алар төмөнкүлөр: **кудалашуу, жуучу жиберүү, куда түшүү, кийит кийгизүү, күйөө келүү, жеңкетай, жүз көрүштүрөр, оюн салуу, коюнга салар, жооп суроо, жыгач түшүрүү, куржун сөгүү, түндүк көтөрүү, жылкычылык, кыз ойнотор, төшөк талашуу, күйөө-кызды жарыштыруу, толгоо табак, жүк көргөзүү, кыз кыңшылатуу, кыз белгиси, узатуу кошогу, келин келгенде, отко киргизүү, тергөө.** Жогорку кыргыз элинин үйлөнүү үлпөтүндөгү каада-салттар Талып Молдо Байболот уулунун «Кыргыз тарыхы, уруучулук курулушу, түрлүү салттар» деген эмгегинде чагылдырылган. Белек Солтоноевдин «Кыргыз тарыхы» деген китебинде кыз-күйөө 14-15 жашка келгенде күйөө биринчи мертем кайнына барып, айылдан обочо түшүп, жеңе, балдыздары ээрчитип, башка үйгө алып келген. Муну «үй жаны» деп атаган. Кызды аларда коюн союп, өргө көтөрүп, үй тигишкен үчүн мал алган. Аны «өргө көтөрөр» деп дагы атаган. Кыз-күйөө жана чогулган бүткүл келин, кыз, жигиттерди башка дайындалган үйгө орнотуп, жигит-боз бала токмок салып ырдашып, чоң тамашасы болгон үчүн «кыз ойнотор» деп дагы мал алган. Узатар түнү кыз-күйөөнү жаткырып, эгерде кыз даражасы болбосо, төө баштаган уч тогуз айып алган. Узатарда жаки кызын албастан, айыбы менен калың малын алган. Кызды узатарда кызды чүмкөп коюп, катын, кыз-келин, эне жана жакындары ыйлашып узаткан. Аны «кыз узатуу» деп атаган. Келин кайнатасынын үйүнө барганда, отко май салып, үйгө бетин басып жүгүнүп кирген. Андан соң күйөө келип, кайнатасынын эшик-төрүн көрүп кеткен. Бул маалыматта биз: үй жаны, өргө көтөрөр, кыз ойнотор, кыз узатуу деген каада салттарды учуратабыз.

Ал эми Үсөйүн-ажынын 1989-жылы Кытайдагы Кызыл-Суу басмасынан чыккан «Кыргыз санжырасы» деген китебинде үйлөнүү үлпөтүндөгү каада-салттарга кыскача эле токтолгон. Мисалга алсак, «Той иштери» деген чакан темада төмөнкү каада-салттарга орун берген: **бел куда, жети ата өтмөйүнчө кудалашпоо, калың төлөө, жүз**

**көрүштүрөр, күйөө-кызды жарыштыруу, кыз ойнотор, узатуу кошогу, жүгүнүү, отко киргизүү, тергөө.**

Түрк тилдүү элдердин ичинен казак элинин үйлөнүү үлпөтүндөгү каада-салттарды, кыргыз элинин үйлөнүү үлпөтүндөгү каада салттарга салыштырып карайлы. Казак элинин үйлөнүү үлпөтүндөгү каада-салттары төмөндөгүлөр: **кыз айттыру, кыз кору, шеге шапан, куда тусу, бата аяк, куда тартар, калым, балдыз калын, киим тигу, киит, куйрык-бауыр, оли-тири, кынаменде, кыз кашар(«урын келу»,«урын той»), саукеле кигизу, куйеу кiими, той малы, капка салар, жигит туйе, сут акы, кыз тынасу, сынсу, кыз узату, неке кияр, жар-жар, коштасу, жасау, кыз коши, туйемурындык, шанырак туйе, келин тусиру, беташар, бие кысырамыс, жолдык, отау котеру, куттык, уй корсету, есик-ашар, онир салу, илу**.

Казак элинин каада-салттары менен үрп-адаттары бир заматта пайда болуп калган жок. Алардын баары казак хандыгы пайда болгон учурдан тартып, кылымдар бою топтолгон. Көп убакыттын ичинде кээ бир каада-салттары өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Бирок алардын көпчүлүгү кылымдар бою өзгөрүүсүз калган. Казак окумуштууларынын айтуусунда, казактардын үйлөнүү тоюнун бардык этаптары бар, анын ичинде кудалашуу, сөйкө салуу, кыздын үйүндө үйлөнүү (узатар той), балдарды же жаштарды никеге тургузуу, күйөө баланын үйүндө үйлөнүү боюнча келишим. Казак окумуштуусу И. Алтынсарин (1841-1889) – казак педагогу, жазуучу, фольклорист, коомдук ишмер, окумуштуу-этнограф. Казак окуу китептеринин автору: "Казак хрестоматиясы" (1879; 2 -басылышы, 1906) жана "Казактарга орус тилин үйрөтүүнүн алгачкы колдонмосу" (1879), бир канча тамсилдердин жана аңгемелердин автору: "Казактар уулун эрте бойго жеткенге чейин (11-12 жашка чейин) үйлөнтөт", - деп жазат. Көп булактарда балдар төрөлө электе бел куда (кундак куда) болуу жөнүндө айтылбайт. Кыздын үйлөнүү тоюна чейинки кызыктуу жана анча-мынча деталдуу каада-салты – Урын келу – күйөө баланын жашыруун сапарлары. Бул сапарлар жашыруун уюштурулган, бирок ошол эле учурда алардын болуп жаткандыгын бардыгы билишет. Алар кыздын тарабына болуп, "Урын той" – жаштардын жашыруун майрамын уюштурушат. Бул каада-салттар жөнүндө айрым маалыматтарды этнограф, археолог, тарых илимдеринин доктору, профессор А. Төлөубаев «Казактардын үй-бүлөлүк ырымындагы исламга чейинки ишенимдин калдыктары» деген эмгегинде мындай деп келтирет: "Калыңдын белгилүү бир бөлүгүн төлөгөндөн кийин, күйөө бала колуктунун айылына биринчи жолу расмий сапар менен барганы "урун бару" салты деп аталып калган. "Урын келу" же "Урын той" никенин калдык түрү экендиги талашсыз, анткени алардын жүрүм-туруму нике жашоосунун башталышы деп эсептелет. Ар кандай иш-аракеттердин, үрп-адаттардын, оюндардын ар түрдүүлүгүнө жана көптүгүнө карабастан, үйлөнүү үлпөтү бир үй-бүлөнүн мүчөсүн – колуктунун экинчи бир үй-бүлөнүн – күйөө баланын – үйүнө өтүшү менен аяктайт. Той учурунда жасалган көп компоненттүү, көп катмарлуу ырым-жырым иш-аракеттери кырдаалдын маанилүүлүгү жана татаалдыгы менен түшүндүрүлөт. Эски жашоо менен коштошуу кырдаалы, анда колуктунун достору жана туугандары колдоп турушат, төрт бурчтуу паранжы – башына оролгон жоолук бар. Келин кетээрдин алдында анын үйүндө той өткөрүлөт. И. Алтынсарин мындай дейт: «Ошол эле күнү кечинде тегеректеги айылдардын жаштары колуктунун арабасына чогулушуп, ыр ырдашат жана бул жерде кыздар менен атчандардын ортосунда ыр айтыш сынагы (айтышуу) өткөрүлөт. Андан кийин үйлөнүү үлпөтүнүн өзү аткарылат. Ата, эне, бир туугандар жана бардык туугандар акыркы жолу кучакташып, ыйлай башташат, байкуш кичинекей жаш келинчек балалыгын эстеп, бой жетип үйүнөн узап бараткaнга көз жашын төгүп ыйлайт, чыгарда

тебетейин (ермолку) чечтиришип, олдоксон шөкүлөсүн кийгизишип, атка мингизишип, жиберишет.» Ал эми А. Төлөубаев: «Колуктунун артка кароосуна тыюу салынат, болбосо үй-бүлөсүндө бактысыздык жаралышы мүмкүн» деген маалыматты кошумчалайт. Колуктунун үйүндө бардык жөрөлгөлөр – коштошуу, кошок кошуу, өрүм өрүү жана өрүм токуу, баш кийимди өзгөртүү жана колуктунун кийимин кийүү (ал атына минип, башы парда менен жабылат) – аткарылгандан кийин келинди жаңы үйүнө алып кетишет. И. Алтынсарин муну мындайча сүрөттөйт: «Келиндин биринчи жолу кайын журтунун өргөсүнө кириши төмөнкү жөрөлгөлөрдө болот: эки аял аны колтуктап, көптөгөн аялдардын коштоосунда, аны өргөгө алып киришет. Кирери менен, ал дароо очокко үч жолу тизелеп салам айтат (салем), андан кийин ошол маалда берилген чөмүчтөгү майды отко төгүп ташташы керек. Андан чыккан жалынга кемпирлер: «авлийден, май-авлийден» (ыйык от, ыйык май) деп колдорун көтөрүшүп бата тилешет. Андан кийин эшиктин сол жагына көшөгө тартылып, келин отургузулат. Ырчы ушул учурда ага насаат ырларын ырдайт, мисалы: "Кайын атаңды сыйла, ал – сенин атаң, кайненеңди сыйла, ал – сенин энең, күйөөңдү сыйла, ал – сенин кожоюнуң , ушак сүйлөбө, ж.б.». Кээде ырчы: «кайын атаңа бир салем» (кайын атасына бир таазим) десе, жаңы үйлөнгөн келиндин жанында отурган аял бетиндеги жоолукту көтөрүп, дароо кайра жаап салат, жаш келин андан кийин өйдө туруп жүгүнөт. Ушундай кийин көрүндүккө белек берилет. Жыйынтыктап айтканда, үйлөнгөндөн 2-3 жылга чейин жаш аял кайнатасына жана дегеле күйөөсүнүн өзүнөн улуу туугандарынын бардыгына көрүнбөөгө аракет кылат. Алардын боз үйүнө кирмек турсун, жанына баралбайт, кокусунан аксакалдар менен жолугуп калса (кайнага), аларга бурулуп, жүгүнүп таазим кылат, бул үчүн алардан «көп жаша» деген ыраазычылык сөзүн алат.

Казактардын үйлөнүү тойлору – казак элинин жашоосундагы эң маанилүү ырым-жырымдардын бири. Жогорку маалыматтардын негизинде казактардын кыргыз элинин үйлөнүү үлпөтүндөгү каада-салттарына окшош каада-салттарына токтололу. Үйлөнүү процесси аткарылганга чейинки окшош каада-салттар: бел куда, бешик куда түшүү кыргыздарда да казактарда да бар, ошондой эле уулуна жакшы кыз издөө да эки элде тең бар. Эгер жакшы кыз табылып калса, анын ата-энесине сөз айттыруу, кыргыздарда жуучу жиберүү, ал эми казактарда кыз айттыру деп аталат. Куда түшүү салтына келсек, кыргыздарда Талып Молдо Байболот уулунун «Кыргыз тарыхы, уруучулук курулушу, түрлүү салттар» деген эмгегинде мындай деп белгилейт: “Жуучулар барган жер кызын берүүгө макул болсо, жуучу жиберген киши малын айдап куда түшүүгө барат. Адатта, кудалашуучулар бири-бирине ишенишсе, калың бычылбайт. Күнөм санаган учурда жуучулар биринчи барганда эле ала турган калыңды быча, сүйлөшө кетүүчү. Куда түшүүгө барганда айдап бараткан малдардын ичиндеги көзгө токтомдуу бир малына кебез байлап койот. Нарк боюнча куда түшкөндө тогуз кара айдап барат, кээ бир байлар отуз, кырктан жылкы айдап барып куда түшүүчү.” Ал эми кийит кийгизүү салтына кайрылсак, ушул эле жерде «Кийит кийгизүү» деген темасында мындай деп жазат: “Куда түшкөн жер мал союп, келгендерди коноктоп, тамактан кийин кыз атасы келген кудаларга кийим кийгизет. Албетте, кийит кийгизүү да ар кимдин алына жараша болот. Кийим кийгенден кийин кыз алуучу киши ордунан туруп кулдук урат. «Кулдугум бар, кудам», - деп куда түшүүгө келген киши эки колун бооруна алып, кулдук урат. «Кулдугуң кудайга», - дейт кыз атасы. Ошону менен кудалашуу кулдук уруу ырымы менен бүтөт.” Казактарда кудалашуу кыз айттыру салты менен башталат, кыз айттырууну жаушы (кыргыздарда жуучу) аркылуу ишке ашырышат. Эки жак тең кудалашууга макул болсо, бир-бирине белек тартуулашат жигит жагындагылар мыкты

бир ат тартуулайт ал салтты «каргыбау» (каргы-жүгөн, бау-тизгин) деп аташат. Ал эми кыз тарап жуучуга майрамдык чапан жабышат, бул салтты «шеге шапан» деп аташат. Кудалашуунун мөөнөтү келгенде, жигиттин атасы жакын туугандары менен кыздын атасыныкына барышат. Кыз тарап абдан майрамдык маанайда тосуп алышат, кудалар бир бирин «бас куда» (баш куда) деп аташкан. Кудалар бир табактан тамак жешип кыз тараптагылар куйрык-боор (куйрук-боор) ырым тамагын жегизишет, куйрык-боор жөнүндө төмөндөгүдөй ыр саптары калган:

Құда, құда деселік,
Құйрық-бауыр жеселік,
Құйрық-бауыр жемесек,
Несіне құда деселік,

Демек, куйрук-боор тамагы желгендик бул эки жак тең артка кайтпасын, башкача айтканда, кудалашуу ийгиликтүү болгондугун билдирет жана кудалашуу «бата аяк» деген салт менен аяктайт. «Бата аяк» кээ бир жерлерде «сырга тагар» же «баталашуу» деп аталып жүрөт. Бата аяктын эки түрү бар: кесимдүү бата, кесимсиз бата. Кесимдүү батада кызга берилүүчү калың такталып, тойду өткөрүү убактысы белгиленет. Кесимсиз батада кызга берилүүчү калың макулдашылган менен, калың берилип бүткөндөн кийин гана тойду өткөрүү убактысы белгиленет. Казактарда калыңга байланыштуу дагы бир кызыктуу салт кезигет, ал «балдыз калың» деп аталат. Балдыз калыңдын мааниси төмөнкүдөй: эгерде кудалашкан кыз каза болуп калса жана анын сиңдиси бар болсо, жигит тарап кошумча алдын-ала калың бериши мүмкүн. Эгерде жигит кудалашкандан кийин колуктусуна жолугууга жашыруун барып жүрсө (урын бару) жана тойго чейин алуучу кыз каза болуп калса, анда колуктусунун сиңдисине үйлөнүү үчүн берилген калың болуп эсептелет. Эгерде алуучу кыздын сиңдиси жок болсо, анда калыңдын жарымы кайтарылып берилет.

Бата аяк ырымы аяктагандан кийин жигит жагына «кийит» кийгизүү салты аткарылат, мындай салт кыргыздарда да бар. Дагы бир окшош салтты карайлы, бул салт кыргыздарда «күйөө келүү» ал эми, казактарда «кынамедне же урын келу» деп аталат. Бул салттын маанисин Талып Молдо Байболот уулу чыгармасында мындай деп белгилейт: "Кудалашкандан кийин кыз алуучу куда ирети менен калыңын төлөй берет. Ыгы келген кезде бир малын жетелеп, күйөө өзүнүн жакын жолдошун ээрчитип кайындап барат." Андан кийин: жеңкетай, жүз көрүштүрөөр, оюн салуу, коюнга салаар ж.б. салттар аткарылат. Кийинки окшош салт «жүз көрүштүрөр» казактарда «кыз кашар» деп аталат, бул салтта күйөө болчу жигит өзүнө болочокто жар болуучу кыз менен биринчи жолу таанышат, бул таанышуу жаштардын оюну жана ыр-күүлөр менен коштолот. Кыргызда да, казакта да бирдей аталган салттын дагы бирөөсү – «сүт акы», кыздын энесине бериле турган сыйлуу белек көпчүлүк учурда ийри мүйүздүү мал түрүндө берилет.

Кыргыздарда колукту болчу кызды алып кетүү жөрөлгөсү жигит тарабынан «жооп суроо» салты менен башталып: жыгач түшүрүү, куржун сөгүү, түндүк көтөрүү, жылкычылык, кыз ойнотор, төшөк талашуу, күйөө-кызды жарыштыруу, толгоо табак, жүк көргөзүү, кыз кыңшылатуу, кыз белгиси салттары менен аяктайт. Ал эми казактарда колукту болчу кызды алып кетүү ишаракети: саукеле кигизу, куйеу киими, той малы, капка салар, жигит туйе, кыз тынасу, сынсу, кыз узату салттары менен коштолот. Бул салттарды талдоо менен, эки салттын окшоштугу байкалат: кыргыздардагы кыз кыңшылатуу казактарда кыз узату, эки салтта тең кыздын ата-энелери, туугандары жакшы каалоо тилектерин айтуу менен узатышат. Казактардагы «саукеле кигизу» салты

кыргыздарда айкын түрүндө айтылбайт бирок кызга узатып жатканда шөкүлө кийгизишет. Ушул иш-аракет «Классикалык изилдөөлөр сериясы. Фольклористика. 2-китеп» (түзүүчүлөр: А. Акматалиев, Г. Орозова) илимий изилдөөлөрдүн 326-бетинде мындай деп белгиленет: “Той аяктагандан кийин кыздын себин жүктөп, жеңелери узатып кошо чыгышат. Көч айылдан узагандан кийин кызды аттан түшүрүп, бетин сууга чайкап, кайрадан аттантып, башына шөкүлө кийгизип, алып барышат.” Кээ бир маалыматтарда кызды узатып жатканда жеңелери кыздын беш өрүм чачын жазышып, эки өрүм кылып өрүшүп, мындан ары жуп жашоодо болосуң деген ырымын кылышып, шөкүлө кийгизишкен. Салттардын кийинки окшоштуктары катары кыргыздардын «келин келгенде», «отко киргизүү же бүркөнчүк алуу» ал эми казактарда «келин тусиру», «беташар» салттарын карасак болот.

Өзбек элинин үйлөнүү үлпөтүндөгү каада-салттарын биздеги болгон маалыматтар боюнча карайлы, алар: фатиха туй – сүйлөшүү же жуучу жиберүү , учрашув – учурашуу, ок урар – ак урар, маслахат оши – кеңешүү ашы, нон синдириш – нан сындыруу, киз оши – кыз ашы, никох – нике кыюу, паяндоз – ак жол, остона салом – босого саламы, чивиллик (чимилдик ) – көшөгө тартуу, махси – маасы чечүү, юз очди – жүз ачуу же бет ачуу, келин салом – келин саламы. Бул салттарга кыскача түшүндүрмө берели: фатиха туй / сүйлөшүү же жуучу жиберүү – кыздын ата-энеси менен жигиттин ата-энеси бир канча жолу жолугушуп сүйлөшөт, эгер макулдашса, анда фатиха тоюн өткөрүшкөн. Учрашув / учурашуу бул – турмуш куруучу жаштарды тааныштыруу, бул иш-аракеттер айылда болобу, же шаарда болобу, эл сыйлаган ыйык же барктуу жерде өткөрүшкөн. Ок урар / ак урар – куда болуучу эки жактын экинчи жолку жолугуусунда кыздын энеси жигиттин энесине ак кездеме тартуулашы, кызды берүүгө болгон макулдугун билдирүү салты. Маслахат оши / кеңешүү ашы – эки жак тойду өткөрүүнү кеңешүү салты. Нон синдириш / нан сындыруу – кыз тараптын тойду өткөрүүгө макулдугун берүү салты. Киз оши / кыз ашы – турмушка чыга турган кыз жакын теңтуштарын, досторун чогултуп, бой турмушу менен коштошуу, жуп турмушта жашоо туралуу сүйлөшүү салты. Никох / нике кыюу салты колуктунун үйүндө өтөт. Паяндоз / ак жол, бул салтта колукту күйөөсүнүн үйүнө ак кездеменин үстү менен басып кирет. Остона салом / босого саламы – колукту күйөөсүнүн үйүнө ак кездеменин үстү менен басып келип, босогого жүгүнүү салты. Чивиллик (чимилдик) / көшөгө тартуу – күйөө баланын үйүнүн бир бурчуна көшөгө тартуу салты. Махси / маасы чечүү – биринчи нике түнүндө күйөөсү колуктусунун бут кийимин чечүү салты. Юз очди / жүз ачуу же бет ачуу салты – келиндин күйөөсүнүн туугандары менен биринчи жолугушуусу. Келин салом / келин саламы – колукту күйөөсүнүн туугандары менен биринчи жолугушуусунан кийин аялдардын ырдоо салты.

Кыргыз эли менен өзбек элинин үйлөнүү үлпөтүндөгү каада-салттардын окшоштуктарын А. Мурзакметов 2020-жылы жарыкка чыккан «Кыргыз-өзбек этномаданий жалпылыктары» деген китебинде чагылдырган, аларды кайталап отуруунун зарылдыгы жок деген ойдобуз. Башка да түркий тилдеги элдердин үйлөнүү үлпөтүндөгү каада-салттарын изилдөө мындан ары да уланат. Өзгөчө, чыгыш хунну тобунун кыргыз- кыпчак тайпасына кирген алтайлык кыргыздардын, түштүк алтайлык элдердин үйлөнүү үлпөтүндөгү каада-салттарын изилдөө жана аларды салыштыруу кызыктуу болчудай. Себеби кыргыздар ислам643 дининде болсок, алтайлык кыргыздар жана аларга жакын элдер башка динде болгондуктан, алардын үйлөнүү үлпөтүндөгү каада-салттарынын биздин эл менен болгон жалпылыгы, окшоштугу чоң мааниге ээ болчудай.

**Адабияттар:**

1. Галимова А. К. Семейные обряды сельских казахов Северного Казахстана в современный период: уч. пос. -Астана: Евразийский национальный университет им. Л. Н. Гумилева, 2003. -91 с.

2. Джелбулдин Е. Т. Традиции и обычаи казахов. -Кокшетау: Мир печати, 2010. -341 с.

3. Кенжеахметулы С. Казахские народные традиции и обряды. -Алма-Ата: Ана тілі, 2002. – 92 с.

4. Классикалык изилдөөлөр сериясы. Фольклористика. 2-китеп. Түз.: А. Акматалиев, Г. Орозова. - Бишкек: Принт-экспресс, 2017. -552 б.

5. Кыргыздар 2-китеп. Түз. К. Жусупов. -Б.: Кыргызстан, 1991.

6. Матижанов К. Казахские свадебные обряды. -Алма-Ата: Аруна, 2002.

7. Лобачёва Н. П. Свадебный обряд хорезмских узбеков. -М., 1960. С.104.

8. Снесарев Г. П. Реликты домусульманских верований и обрядов у узбеков Хорезма. -М.: Наука, 1969. С. 66.

9. Солтоноев Б. Кыргыз тарыхы: Тарыхый очерктер. -Бишкек, 1993.

10. Талып Молдо Байболот уулу Кыргыз тарыхы, уруучулук курулушу, түрлүү салттар, 11. Үсөйүн-ажы Кыргыз санжырасы. -Кызыл-Суу, 1989.